**УДК 37: 371:31:894**

**ДӨӨЛӨТБАКОВА Р.Ж.**
*Ж. Баласагын атындагы КУУ, Бишкек*
***Doolotbakova R.J.***
*J. Balasagyn KNU, Bishkek*
*RakiaDoolotbakova@mail.ru*

# МАЙДАН ТЕМАСЫНДАГЫ ПОЭМАЛАРДЫ ОКУТУУНУН ДИДАКТИКАЛЫК ПРИНЦИПТЕРИ

## Дидактические принципы преподавания поэм на фронтовые темы

## Didactic principles of teaching the poems about military front

***Аннотация***: *макалада майдан темасындагы поэмаларды окутуунун дидактикалык принциптери каралат. Бул макалынын максаты – студенттер менен кызматташуу, бүгүнкү күндүн кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн зарыл болгон окутуунун дидактикалык принциптерин колдонуу менен майдан темасындагы поэмаларды окутууну жаңы ыкмада, жаңы жолдор менен инновациялап окуучуларга жеткирүү болуп саналат..*

***Аннотация***: *в статье рассматриваются дидактические принципы преподавания поэм на фронтовые темы. Цель данной статьи – изучение поэм фронтовых тем с использованием новых методов и дидактических принципов обучения. Внедрение новых методов способствует развитию творческого сотрудничества между преподавателем и студентами.Отражены результаты образовательных систем развитых стран мира, их опыт работы, а также внедрения дидактических принципов на практике.*

***Annotation:*** *the paper articledidactic principles of teaching the poems about military front. The aim of this article iscooperation with students, because it is the modern methods of teaching poems abont wars by using didactical principles of teaching.This article includes using the didactical principles and work experiences in the spheres of teaching of other developed countries.*

***Негизги сөздөр***: *кыргыз адабияты; майдан темасы; поэма концепци; инновациялык метод; инновациялык окутуу; интеграциялоо; окутуудагы жаңы технологиялар; салттуу окутуу; интерактивдүү окутуу; интерактивдүүлүк; коммуникативдүү окутуу; компетенттүүлүк.*

***Ключевые слова***: *кыргызская литература; поэма; фронтовая тема; концепция; инновационный метод; инновационное обучение; интеграция; технологии обучения; традиционное обучение; интерактивный; коммуникативное обучение; компетентность.*

***Keywords:*** *poems; war front topics; Kyrgyz literature; concept; innovative method; innovative teaching;integration; conventional teaching; interactive teaching; communicative teaching; competence and etc.*

Принцип - педагогикалык процессте негизги баштапкы жетектөөчү идея, билим-тарбия берүүдө, инсанды ар тараптан өнүктүрүүгө багытталган жоболордун системасы. Принцип (латын сөзүнөн алынган, hrincipium – негиз, башат) – жетектөөчү ой, негизги эреже, ишкердүүлүктүн жана жүрүм-турумдун негизги талабы катары кабыл алынган. [1, 43]. Принцип түшүнүгү окутуунун мыйзамы жана мыйзам ченемдери менен байланышып шартташкан аларды турмушка ашыруунун көрсөткүчү катары окутуунун маанилүү компоненти.

Педагогиканын өнүгүшүнө да эң көрүнүктүү салым кошкон улуу чех педагогу Ян Амос Коменский «Улуу дидактика» (1632-ж) эмгегинде дидактиканын принциптерин биринчи болуп негиздеген: 1) табигыйлык, аң-сезимдүүлүк; 2) көрсөтмөлүүлүк; 3) ырааттуулук жана системалуулук; 4) жаш өзгөчөлүгүнө жараша билим берүү. 5) илимдерди жана көндүмдөрдү терең өздөштүрүү жана окутууга жетишүүчүлүк, негиздүүлүк, тездик сыяктуу талаптар. [2,41]. Окутуунун принциптери – окутуу процессин, сабакты даярдап өткөрүүгө коюлуучу талаптарды туюнта турган алгачкы дидактикалык жоболор. Окутуунун принциптери – бул тарыхый жана ошол эле учурда социалдык категория.Таанып-билүүнүн жолдорун, ык-усулдарын аныктаган бул категория жалпы эле педагогика үчүн, дидактика анын ичинде кыргыз адабиятын окутуунун методикасы үчүн да өзгөчө мааниге ээ.

Педагогиканын теориясында жалпы дидактикалык принциптер кандай ырааттуулукта, канчага бөлүнүп берилбесин, алардын баары конкреттүү сабактын максат жана милдетине ылайык бири-бири менен тыгыз байланышта туруп, окуучунун алган билими боюнча натыйжага жетүүсү үчүн бирин экинчиси толуктап турууга тийиш. Педагог-окумуштуулардын окутуунун принциптерине карай берилген аныктамалары ар түрдүү көрүнгөнү менен түпкү мазмуну жакындашып турат. Ю.К.Бабанский окутуунун принциптерин “окутуунун максатына, методуна коюлуучу негизги жана эң маанилүү талаптардын жыйындысы” катары караса, Е.И.Пассов окутуунун фундаменти деп, ал эми

П.И.Пидкасистыйдын пикири боюнча жетектөөчү идея, дидактикалык процессти уюштуруунун жана жүргүзүүнүн ченемдик талабы катары белгилейт. [ 12, 178.].Окумуштуулардын көпчүлүгүнүн пикири боюнча дидактикалык принциптер сабактын өзөгүн түзүп, сабактын уюштурулушунан тартып, бүтүшүнө чейин *жетектөөчү идея*болуп турушу зарыл. Майдан темасындагы поэмаларды окутууда жалпы дидактикалык принциптерин окутуу, билим берүү жана тарбиялоо процессине коюлуп жаткан кийинки талаптарга,педагогика илиминин жетишкендиктерине жана окумуштуулардын Ю.К. Бабанскийдин, Е.И. Пассовдун, П.И. Пидкасистыйдын, ж. б. эмгектерине, пикирлерине таянуу менен төмөнкү дидактикалык принциптерди жетекчиликке алабыз: 1. Окутуунун табигыйлык принциби; 2. Илимийлүүлүк; 3. Билим берүүнү өнүктүрүү жана тарбиялап окутуу; 4.Теория менен практиканын байланышы; 5. Системалуулук жана ырааттуулук; 6. Окуучулардын аң сезимдүүлүгү жана активдүүлүгү; 7. Көрсөтмөлүүлүк; 8. Жеткиликтүүлүк;9. Окуучулардын таанып-билүүлөрүн өркүндөтүү; 10. Окутуунун жагымдуу жагдай-шарттары; 11. Окутуунун коллективдүү жана жекече түрлөрүнүн айкалышы ж.б.Майдан темасындагы поэмаларды инновациялап окутууда жаңычыл сабактын «ээси» мугалимдин өзү болгондуктан, сунушталган дидактикалык принциптердин кайсынысына артыкчылык бере турганына чек жок. Бирок, мугалимдин сабагындагы принциптерди аныктоонун объективдүү мыйзам ченемдери бар экендигин жокко чыгарууга болбойт.Адабиятты окутууда *дүйнө таанытуучулук, системалуулук, тарыхый, функционалдык, эстетикалык, коммуникативдик, практикалык, илимий, икусствонун турмуш менен байланыштуулук принциби, предмет аралык* же *интеграциялап окутуу* ж.б. принциптери да колдонулат. Бул принциптердин ар биринин алдына өзүнчө милдеттер коюлуу менен бирге, алар бири-бири менен өз ара тыгыз байланыштуу. Аларды окутуу тажрыйбасында өз ара тыгыз байланыштуу колдонуу аркылуу мугалим окуучуларга билим жана тарбия берүүдө ийгиликтерге жетсе, окуучулар берилген билимди, тарбияны алууда ийгиликке жетишишет. Кыргыз адабияты сабагы кандай түрдө өтүлбөсүн жогоруда келтирилген принциптерди – окуучунун бул багыттардагы компетенттүүлүгүн калыптандырууну жетекчиликке алуу менен уюштурулушу зарыл экендигин көрсөтөт.

**1. Окутуунун табигыйлык принциби.**

Кыргыз Республикасын, кыргыз мамлекеттүүлүгүн, кыргыз элин, кыргыз жерин көздүн карегиндей сактоо жана коргоо, патриоттуулук – түбөлүктүү, бүтпөгөн тема. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептин окуучуларына байыртадан ата-бабаларыбыздын канында жашап, сансыз кылымдарды аралап өтүп келген улуттук руханий дөөлөттөр, ар-намыс, асыл баа идеялар, нарктар менен азыркы жаштардын рухун сугаруу, каныктыруу ылайык.

Майдан темасындагы поэмалар аркылуу келечек муундарды өз өлкөсүнүн мекенчил атуулдарынан болушуна чакырык салып, Кыргызстандын эртеңки келечеги үчүн кам көргөн, патриоттук сезимге каныккан, мамлекеттин, эл тагдырын Ата Мекен алдында жоопкерчиликти сезген,келечектин ээлерин тарбиялоо эң башкы маселе. Майдан темасындагы поэмалардагы көтөрүлгөн идея жаштарды элин-жерин коргоого, Мекенди сүйүүгө, патриоттуулукка үндөйт. Бүгүнкү күндөгү кыргыз адабиятынын өзөгүн аныктаган анын эстетикасынын башкы белгисине айланган бийик гумандуулук, курч патриоттуулук сыяктуу талылуу принциптердин алгачкы башаты майдан темасындагы поэмалардан өнүп чыгат десек жаңылышпайбыз. Анткени, бүгүнкү күндүн курч проблемасы болгон тынчтыкты коргоо темасы, майдан темасынын логикалык уландысы.

Адабий билим берүү жана окутуп тарбиялоо окуучунун табигый өсүшүнө, өнүгүшүнө, коомдук жана социалдык суроо-талаптарына ылайык улуттун өзгөчөлүктөрү, мамлекеттин кызыкчылыктары менен бирдикте чечилиши керек. Дидактикалык принциптер системасынын логикалык негизи катары Я.А. Коменскийокутуунунтабигыйлык принцибин белгилеген. Жашоо үчүн болгон табигый күрөш, адам коомунун өнүгүшү үчүн таалим-тарбия муундан-муунга берилип турушу дайыма зарыл болгон көрүнүш. “Таалим-тарбия берүү алгачкы адам менен кошо жаралган. Эч кандай педагогикасы жок эле, атүгүл, анын бар экендигине шек санай элек кездерден тартып эле балдарды тарбиялап келишкен” [3,42].

Окутуунун дидактикалык принциптеринин негизги багыты, максаты логикалык негизи табигыйлык принцибине негизделет. Окуучуларга билим жана тарбия берүүдөгү өзгөрүүлөргө, жаңылануударга: “Тарбия берүүнүн улуттук стратегиясына”, Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Билим берүү жөнүндө мыйзамга”, “Кыргыз Республикасынын Комплекстүү өнүгүүнүн негиздери” программасына, улуттук билим берүү доктринасында Кыргызстандагы балдардын укуктары боюнча”Жаңы муун” программасына жана “Баланын укуктары жөнүндө” конвенцияга, кыргыз элинин менталитетинин жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын синтези катары “Манастын жети осуятына” таянат. [4,07.11]. Жогоруда аталган иш кагаздардын көрсөтмөлөрүндө мамлекетибиздин эгемендүүлүгүнө ылайык жаш муундарды тарбиялоонун башкы максаттары аныкталган. Ата Мекендик педагогикалык салттарды азыркы мезгилдин

тажрыйбалары менен айкалыштыруу аркылуу окучулардын *патриоттук - атуулдук* сапаттарын калыптандыруу болуп саналат.

Окумуштуу С.Байгазиев: “Дүйнөлүк педагогиканын ачкан ачылыштарына негизденип, жер жүзүнүн өнүккөн өлкөлөрү ***патриотизм,*** өз мекени менен сыймыктануу сезимин, улуттук кадыр-барк, улуттук ар-намыс сезимин жаш муундарда кичинекейинен тарта эле тарбиялоону зарыл педагогикалык принцип катары туруктуу тутутунуп, иш кылууга эбак эле өтүшүптүр”-деп белгилеген. [5, 8.]

Патриотизм– деген сөз гректин Ата Мекен деген сөзүн түшүндүрөт. Окуучунун Ата Мекенине болгон сүйүүсүн, эл үчүн кызмат кылуусун, өткөнүн, бүгүнкүсүн жана келечеги үчүн сыймыктуу ой-сезимдерин калыптандырууну жана аны жан дүйнөсүндө бекемдөөнү туюнтат. Бүгүнкү күнү өсүп келе жаткан жаш муундарды кантип, кандайча жана эмне менен тарбиялоого болот? – деген проблемалык суроого майдан темасындагы поэмалар, Ж.Бөкөнбаевдин

«Ажал менен Ар-Намыс», Ж.Турусбековдун “Каракчынын трагедиясы”, “Ким болду экен?” поэмалары жооп берет деп ишеничтүү айтууга болот. Анткени улуу чех педогог гуманисти Я.А.Коменский: «Кийинки кылымдын муундары, бүгүнкү күндүн граждандары кандай тарбияланса ошондой болот» – деген сөзү далил болот. Ж.Бөкөнбаевдин “Ажал менен Ар-Намыс” поэмасындагы Жапардын патриоттуулугу – бул жалпы элибиздин патриоттуулугу. Мында поэманын кейипкери Жапардын эл жана Мекенге болгон ыйык сүйүүсүн, кыргыз жигиттеринин баатырдыгын кыргыз жаштарына жана жалпы элге көрүнгөн күзгү катары көрсөтүп турат. Поэма ошондой оор күндөрдүн мезгилинде жаштарды оптимисттик духка жана патриотизмге чакырууда зор роль ойногон.

Майдан темасындагы поэмаларды окуучуларга өтүп жатып, дүйнө жүзүндө болуп жаткан окуяларды байланыштырса, окуучулардын Мекенге, эл-жерге болгон сүйүүсү патриотизмдин духу дагы тереңирээк чечилип, сабак натыйжалуу болоор эле.Табигыйлык принциби төмөнкүдөй өзгөчөлүктөргө ээ: адеп-ахлактык, эстетикалык дөөлөттөрдү; ата-энесине мээримдүү, гумандуу мамиле; өз элине, Ата Мекенине атуулдук патриоттук сезимдерин өнүктүрүү; реалдуу турмуш чындыгы аркылуу этно-маданият, этно-педагогикалык мүнөздөгү таалим-тарбия иштерин жүргүзүү да ылайык. «Эр намысы – эл намысы», «Элдин иши эрдин мойнунда, эрдин иши элдин мойнунда»-деп бекеринен айтылбаса керек.

Касым Тыныстанов: «Намыс Бул адамдын адамдык өлчөмү, анын кишичилик даражасынын бийиктик ченеми»-деп бекеринен айтпаса керек. Жаштарды тарбиялоонун жана билим берүүнүн эң башкы милдети, элдин кызыкчылыгы үчүн кызмат өтөгөн, мамлекетке берилип жанын үрөгөн патриот адамды даярдоо деп эсептейт. Бул туурасында Советтер Союзунун Баатыры Дайыр Асанов: “Кыргыз элинин улуу баатыры, Манастын мезгилинен тартып патриотизмар дайым кыргыздын коомдук улуттук аң-сезиминин башкы компоненти болуп кала берди. Мен мындай деп ишенем – азыркы экономикалык жана саясий кризистердин маалында, эгер андан өтүп кеткибиз келсе, алдыга жылгыбыз келсе, оңголгубуз келсе, бир гана элдик партиотизмге таянышыбыз керек” – деп белгилеген. Демек, ар бир атуулдун Ата Мекен алдында жоокер экенин сезип жашоосу – анын улуулугу. Бул идея майдан темасындагы поэмалар аркылуу ачык эле сезилип турат. Анткени элдик билимдердин ичинен, патриотизм бардык билимдерден жогору турган билим. Чыныгыпатриотизмдин космополотизм менен да, улутчулдук менен да, шовинизм менен да эч жакындыгы жок.

Окумуштуу С.Байгазиевдин сөзү менен айтканда: “Бүгүнкүбүзгө сабак болооор ыйыктар, асыл нарктар, баалуулуктар арбын, атап айтканда, бүгүнкү ар бир кыргыз атуулуна: “Ата журту ыйык, анын боштондугу ыйык, Ала-Тоонун бүтүндүгү ыйык, ак калпак журттун биримдиги ыйык. Мекен алдынлагы парз ыйык. Алмустактан келаткан ата-баба салты ыйык, наркы ыйык. Апа ыйык. Ата ыйык. Эл-жерге атуулдук берилгендик ыйык. Улуттук намыс ыйык. Кыргыз деген атыбыз, Адам деген атыбыз ыйык!” [6, 55].Кыргыз мамлекетинин кызыкчылыктары менен жалпы улуттук, адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруу, эстетикалык дөөлөттөрдү, Ата Мекенине атуулдук, патриоттук сезимдерин өнүктүрүү зарыл. Окутуунун калган бардык дидактикалык принциптеринин негизги багыты, максаты логикалык негизи табигыйлык принцибине негизделет.

**2. Илимийлүүлүк принциби.**

Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы өзүнүн теориялык жана практикалык маселелерин чечүүдө адабият таануу, психология, педагогика, илимдеринин жоболорун ырааттуу жетекчиликке алып, алардын негиздерине таянат. Адабият таануу илими адабият сабагына көркөм туундуну түшүнүүгө, идеялык-көркөмдүк өзгөчүлүгүн талдоодо, жанрдык өзгөчөлүгүн ачууда окуучуларга илимий такталган маалыматтарды берет.

Педогогика, психология жана адабиятты окутуу методикасы окуучунун акыл-туюмдук, эстетикалык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн зарылдыгы, өспүрүмдүн кийинки ишмердүүлүктөрүндө сөзсүз керек болгон демилгелүүлүк, ой жүгүртүүнүн өтө ийкемдүүлүгү, сынчыл талдай билүү, баамчылдык, сабырдуулук коллективде башкалар менен мамиле түзө билүүгө ылайык келе турган коммуникативдүүлүк жана чыгармачылык сыяктуу жөндөмдүүлүктөрдү калыптандырууну анын эмоционалдык чөйрөсүн, өз алдынчалуулугун өнүктүрүү тууралуу маселени алдыга коюп келет.

Психология илими кыргыз адабиятын окутуу методикасы үчүн эң маанилүү маалыматтарды берет. Психологияда балдардын кабыл алуусунун, кызыгуусунун өзгөчөлүктөрү окуу ишмердигинин этаптары кеңири изилденет. Ян Амос Коменский: "Психологияны билбеген мугалим – педагогикалык иш-аракетте эч бир ийгиликке жетише албайт, себеби окуткан баланын ички сырын билбей туруп, аны тарбиялоо, окутуу кыйын" – деп айткан.

Дүйнөлүк билим берүүдө маанилүү орунду ээлеген өнүктүрүп окутуу теориясын жетекчиликке алган Д. Б. Эльконин жана В. В. Давыдовдун концепциясы боюнча ар бир окуучунун психологиялык-курактык өзгөчөлүгүн, шык-жөндөмүн, социалдык чөйрөсүн, турмуштук кызыкчылыгын, ж. б. көрүнүштөрдү эске алуу менен сабакты уюштуруу башкы орунда турат. Ошондой эле окуу процессинде ар бир окуучунун психологиялык өзгөчөлүгүн туура аңдаштыруу менен турмушунда керектөөчү билимге акырындап, ар бир сабакта өнүктүрүп жүрүү аркылуу жеткирүү максаты дидактикалык парадигма катары эң маанилүү орунду ээлейт. [7,442].

Өнүктүрүп окутуу билим берүүдө дидактикалык принциптерди баланын жаш курагына, өзгөчө баланын өсүшүнүн психологиялык мыйзамченемдерине негиздеп жайгаштыруу зарылдыгын көтөрүүдө. Ошондуктан баланын кызыкчылыктарын анын курактык өзгөчөлүгүнө карай аныктап, психологиялык жактан жетилүү кудуретин эске алуу менен билим берүүсү керек. Мындай талап окуучунун сабакта эстетикалык кабылдоосун А.В.Запорожец [8, 34-56] окуу ишмердүүлүгүн В.В.Давыдов [9, 189] оюн аркылуу өнүгүп жетилишин Н.Ф.Виноградова [10, № 4] жетилүү жолдорун иштеп чыгышкан. Мугалим мындай талаптарды окуучулар менен кызматташып аткаруу үчүн окуу материалынан тышкары психологияны да жакшы билиши керек . Мисалы, В.В.Давыдовдун сабакта өнүктүрүп окутуу проблемаларын чечүү үчүн мугалим дидактиканын эле эмес, баланын субъектилик өзгөчөлүгүн таанып билүүгө жардам берүүчү психологиянын да илимий-теориялык табылгаларын сөзсүз пайдалануусу керектиги [11, 47-69] эң маанилүү экендигин баса белгилеген. Мында окуучулардын таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүн арттырып жан-дүйнөсүн ойгото алган, заманбап психологиялык жана дидактикалык ченемдерди жетектей алган мугалимдин ишмердиги башкы орунда турат.

Педагогика психология илиминде "Мугалимдин психологиясы" деген бөлүмдө мугалимдерде төмөнкүдөй сапаттардын болушун зарыл деп эсептейт: адамдар менен сүйлөшүү, пикир алышуу, иштөө мезгилинде өзүн токтоо, эркин алып жүрүү, сүйлөшүүдөн ырахат алуу, пикир алышууга, сүйлөшүүгө чоң маани берүү, башкалардын кубанычын, кайгысын бөлүшө алуу, сөзүн уга билүү, жогорку деңгээлдеги сүйлөө маданияты, интеллектуалдык кругозорунун кеңдиги, өз оюн так жеткиликтүү билдире алуусу ж.б. Мугалимдин заманбап психо-педагогикалык дөөлөттөргө ээ болушу тигил, же бул инновациялык окутуу жолдорун үйрөнүү гана эмес, өзүнүн бардык сабактарында билим берүү стандартын жетекчиликке алуу менен окуучулардын кызыкчылыгын камсыз кыла алган *компетенттүүлүккө* негизделүүсүкерек.

Мугалим сабактын мазмуну менен жүзөгө ашырылуучу психо-дидактикалык принциптердин негизинде окуучунун толук кандуу атуулдук касиетин ойгото алуучу этнопедагогикалык жана этнопсихологиялык мазмунду аныктоочу "айкөл" болушу эң маанилүү. Сабактын жүрүшүндө окуучулардын ой жүгүртүүсүн билүүгө, жаңылган көз караштарын жашоо турмуш менен байланыштырып оңдоого даяр, ар бир окуучунун ой пикирин угууга дилгир, толеранттуу "айкөл" ички рухий жан дүйнөсү жаңыланган мугалим болушу абзел. Мугалимдин ишмердигинде окуучулардын таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүн арттырган, заманбап талаптарга жооп берген психологиялык жана дидактикалык ченемдерди жетектей алуусу башкы орунда турат. Азыркы мезгилде психо-дидактикалык принциптер кыргыз адабияты боюнча ар бир сабактан окуучунун турмушка керектүү көндүмдөргө ээ болушун, ал көндүмдөр менен ошол окуучу чыныгы жашоо-турмушта кыйналбай жашап кетүүсүнө шарт түзүү максатын көздөйт.

**Адабияттар**

1. .Педагогика учебное пособие для студентов пединститутов. под.ред.Ю.К.Бабанского - М.:Просвещение.1983.С.-43, -608.
2. Коменский Я.А. Великая дидактика. – 1932.гл.26, 41с.
3. Подласый И.П. Педагогика: Учебник. - М.: Высшее образование. 2006. с.-42.
4. Конвенция воспитания школьников Кыргызской Республики // "Кут билим", №38. (07.11). 2001

5. Байгазиев С.О. Улуу «Манас» улутубуздун дил жана тил бешиги» - Бишкек.: 1995.-8-56 бб.
6. Возрастные возможности усвоения знания. / Под ред. Д.Б. Эльконина, В.В. Давыдова. М., 1966. С. 442
7. Запорожец А.В. Избранные психологические труды: В 2-х т.Т II, - М.: Педагогика, 1986. С. 34-56 .
8. Давыдов В.В. Теория развивающего обучения – М.: ИНТОР, 1996 . С -68-91.
9. Цукерман Г.А.Зачем детям учиться в месте? – М.: 1985. С. 189.
10. Виноградова Н.Ф. Не только учить, но и развивать. Проблемы реализации государственного стандарта начального общего образования. // Журнал научно-педагогической информации. 2010, № 4.
11. Давыдов В.В. Теория развивающего обучения. – М., 1996, С. 47-69.
12. Пидкасистый, П.И. Педагогика. [Текст] /П.И.Пидкасистый- М.: 2008.С. -178.